**УДК.9:392.0-394:9**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-320-327**

**Абылов А.Д.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишке ш.
abylovaltynbek@mail.com

# КЫРГЫЗДАРДА АДАТ УКУГУНА ЫЛАЙЫК КЫЛМЫШ ИШТЕРИН ТЕРИШТИРУҮДӨ БИЙЛЕР СОТУНУН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮ (XIXК.АЯГЫ-XXК.БАШЫ)

**Аннотация.** Бул макалада кыргыздардын XIXк адат укугуна ылайык кылмыш аракеттерге карата бийлер сотунун ишмердүүлүктөрү изилденет. Көчмөндөрдөгү бийлер соттук системасынын иштеши, коомду жөнгө салышы, башкаруу көзөмөлдөө функциясынын ишке ашырылышы талданат. Бий кызматынын көчмөн коомундагы орду, адат салт уктарын алып жүрүүчү негизки бийлик өкүлүнө изилдөө жүргүзүлөт. Кыргыздардын адат укугундагы бийлер сотунун XIXк Россия империясынын курамына кошулганга чейинки түрлөрүнө аныктама берилет.Айылдык, уруктук бийлер сотунун, урууулук бийлер соттук жааматынын, үчүнчү улуттук бийлер курултайынын ыйгарым укуктары кабыл алуучу бүтүмдөрү изилденет. XIXк бийлер сотунун соттук өндүрүш өткөрүү тартиптери, укук бузуучуларга салынган айыптын түрлөрү ачылып көрсөтүлөт.Адат укугундагы оор кылмыштын түрлөрү, кун салыгынын мааниси, жазалоо ыкмаларына талдоо жүргүзүлөт.

**Негизги сөздөр: а**дат укугу, салт укугу, адат-заң эрежелери, бийлер соту, бийлер сотунун ыйгарым укуктары, адат укугундагы сот отуруму, адат укугундагы өкүмдөр, айып салыгы, кун салыгы, жазалоо ыкмалары.

**Абылов А.Д.**
преподователь
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
abylovaltynbek@mail.com

# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ СУДА БИЕВ ПРИ РАССЛЕДОВАНИИ УГОЛОВНЫХ ДЕЛ ПО ОБЫЧНОМУ ПРАВУ В КЫРГЫЗОВ КОНЕЦ XIX НАЧАЛО XX ВЕКА

**Аннотация.** В данной статье рассматривается деятельность бийского суда применительно к уголовным дейсвиям по обычному праву кыргызского народа. Анализируется функционирование судебной системы кочевнических биев, регулирование общества, реализация функции управленческого контроля. Анализируется положение бийские службы в кочевом обшестве как главного представителя власти, носящей обычаии.
Дано определение видов решений киргизских бийских судов обычного права о присоединении к Российской империи вXIXвеке. Изучены работы айылного, племенного и национального суд биев. Раскрыты процедуры судебного разбирательства апельяционного суда, виды штрафов, налагаемых на нурушителей. Анализируются виды тяжких преступлений по обычному праву.

**Ключевые слова:** Обычное право, право обычаии, обычаии правило, суд биев, полномочия суд биев, судебное заседание в обычном праве, постановление в обычном праве, виды штрафов, методы наказания.

**Abilov A.D.**
lectured
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
abylovaltynbek@mail.com

## ACTIVITES OF THE BIY COURT IN THE INVESTIGATION OF CRIMINAL CASES UNDER CUSTOMARY LAW IN THE KYRGYZ PEOPLE AT THE AND OF THE 19TH AND BEGINNING OF THE 20TH CENTURIES

**Abstract:** To criminal actions under the customary law of the Kyr people.The functioning of the judicial system of nomsdic biys,the regulation of society,and the implementation of the management control function are analyzed.The position of the Biysk servisec in the nomadic cjmmunity of the main representative of the authorities bearing customs is analyzed.The definition of types of decisions of Kyrgyz courts of customary law to join the Russian Empire in the 19$^{th}$ century is given.The transactions of the fist village and ethnic dances court,the secont tribal dances judicial community,and the third national dances congress are studied.Procedures for judicial proceedings of the 19$^{th}$ Court of Appeals, types of fines imposed on violators are disclosed. Types of serious crimes under customary law, importance of ransom tax,methods of punishment are analyzed.

**Keywords:** Customary law,customary law, custom-rule,coyrt of biys, powers of the court of diys,court session in customary law,resolution in customary.

Адат укугуна ылайык бийлер соту үч иерархиялык тепкичке бөлүнгөн. Биринчи айылдык бийлер соту. Экинчи ортонку тепкич катары уруулук, бийлер жааматы. Бул биринчи уруктук жана экинчи уруулук бийлер соту, соттук териштирүүлөрдү жүргүзүүнү ишке ашырышкан.Үчүнчү жогорку инстанция жалпы оң сол канат бийлердин курултайы “Топ”,”Дубан” деп аталып карамагына мыйзам чыгаруу, адат эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жогорку кеңешүүчү орган катары белгиленген. Салттык эрежелерде бийлер сотунун иш аракеттерине көзөмөл жүргүзүү манаптардын укугундагы иш болгон. Адат укугунда бийлер жана манаптар салт эрежелерин алып жүрүүчүлөр, жайылтуучулар, санкциялоочу, мажбурлоочу орган катары эсептелинген. Көчмөнчүлүк коомдо кылмыштын табиятына жараша бийлер соту иш аракеттерин жүргүзүп турушкан. Адат укугунда айылдык уруктук бийлердин жана уруулук бийлер жааматынын карай турган маселелери эки башка тартипте жүргүзүлгөн. Биринчиден, айылдык бийлердин укуктарында кылмыштын курамы анча оор эмес жазалган учурларда адат заңдын негизинде соттук териштирүү өткөрүп араздашкан тараптардын маселелерин чечүү менен мунасага келтирүү функциясын аткарып келишкен. Экинчиден, уруулук бийлер жааматы кылмыштын курамы өтө оор кесепеттерди алып келген учурларда соттук өндүрүштөрдү жүргүзүшкөн.{1-с305}

Айыл арасындагы кылмыштуу аракеттерге, бий соту төрт учурда окуя боюнча чара көрүүгө аракетке өткөн.1. Жабырлануучулар тараптан арызданую келип түшкөндө. 2. Айылдагы элдердин жазалган иш боюнча бийге даттануусунан кийин. 3.Бий жана

айыл башчылары терс окуялар боюнча өзүлөрү маалымат алганда. 4. Окуяны көргөн күбөлөрдүн маалымат беришинен кийин. {16-с21}

Бийлердин иш жүргүзүү тартиби, даттануучулардын талабы оозеки түрүндө жүргүзүлгөн. Күн тартибин, соттук жараяндын өтчүү орду, убактысы, катышуучуларын бий өзү аныктаган. Ч.Влихановдун 1857-1864 жылга чейинки аралыкта кыргыз-казак талааларын кыдыруу экспедициясында бийлердин соттук иш аракеттери оозеки салт эрежелеринин негизинде жургүзүлгөнүн, эч кандай жазуу чаралары колдонулбагандыгын, соттук отурумга тиешеси барлардын баардык тараптары чакырылып катышаарын, ачык айкын өтөөрүн өз күндөлүгүнө белгилеген.{4-с150}

Соттук отурум адат укугунда эки тартип боюнча өткөрүлгөн ачык айкын соттук жараян, жабык купуя өткөрүлүүчү соттук териштирүүлөр. Ачык айкын соттук өндүрүш окуяга тиешеси бар тараптардын баардыгы чакыртылып, өз пикирлерин ачык айкын билдиришкен.XIXк Пишпек уезд начальниги Загряжскийдин күндөлүгүндө айылдык жааматта орун алган майда барат иштер таарынычтар көпчүлүк мезгилдерде айыл аксакалдарын жана кадырлуу адамдарды ортого салуу тартуу белек берүү тараптар ортосунда өнүккөндүгүнө токтолгон. Тартуу белегин элдер бийлерге дагы берип турушкан, аталган белек баалуу аң терилери, мал-жандык, камчы, канжар, кылыч, ээр-токум ж.б. сыяктуу буйумдар менен тартууланган.Ал эми адат укугундагы купуя өткөрүлүүчү соттук иштер зордуктоо, ала жипти аттоо ж.б. маселелер жашыруун каралган. {20-с193}

Айылдык бий окуяны анализдөө менен кылмыштын оор жана жеңил, атайылап же байкоосуздан жазалганын таразалап, көчмөнчүлүк турмуштагы кадыресе көрүнүш катары эсептелинген мал уурулук, денеге жеңил залал келтирүү, уруш талаш, майда барат пикир келишпестиктерди териштирүү менен калыстык кылган. Айылдык бий сотунун курамы, бий жана анын кенешчиси катары салттык эрежелерди жакшы билген айылдык аксакалдардын өкүлү, айылдын молдосу, чабарман алардан сырткары манап бөлүп берген тартип сактаган кароол төрт, беш жигиттен турган. Эгерде бий соту тараптардын биринин туугандары, жакындыктары байкалса, бий ишти башка айылдын бейтарап сотторуна өткөрүп берген. Сотко чабарман аркылуу күбөлөр, айыпкер жана доогер тарап ошондой эле алардын жакындары чакыртылган. Бир чакырганда келбегендерге жигиттерге айдап келүү мажбурлоо тапшырмасы менен алынып келинген. Айылдык бийдин урук ичиндеги жазалган кылмыштын, зыяндын көлөмү бир үйүр жылкыга (15-20 баш) бир короо кой (20-60 баш) өлчөмүндө жазалса соттук өндүрүш өткөргөн.{12-с39}

Айылдык бий көпчүлүк учурларда урук арасындагы денеге жеңил залал келтирүү, мал уурулук, ушак айың таратуу, майда барат пикир келишпестиктерди карашкан. Мал уурулук кылмышында көчмөнчүлүк коомдо ар бир уруу, урук өзүнүн эн тамгалары аркылуу далилдөө чараларын жүргүзө алышкан. Малын жоготкон адам алыс жакынкы айылдарга киши жиберип иликтөө, сурамжылоо жүргүзгөн, малынын кабарын билгендерге сүйүнчү берүү убадаланган. Күбөсү жок менин малымды уурдап алды деген доогер бийге кайрылган адам "Сыртайгак","Тыш айгак" деп аталган. Күбөлөрү бар малдын ээси бийге даттануусу "Бетайгак", "Барайгак" аталышкан. {19-с117}{16-с25}Сотко катышуучулар эреже боюунча оң канат жана сол канатка бөлүнүп уй мүйүз тартып отурушкан, эки канаттын төрүнө бий өзүнүн кеңешчилери менен орун алышкан. Оң канат жагына даттануучулар сол тарабына күбөлөр орун алган, жоопкерлер төмөн жактан орун алышып,тизелеп отурууга буйрутулган. {14-с221} Бий соттук отурумда катышуучулардын

ичинен даттануучуларга сөз берип, дооматын уккан андан кийин күбөлөр сурака тартылган, акырында кезеги менен жоопкерге сөз берилген.Бий сот жараяны менен бирге тергөө процессин кошо жүргүзгөн. Айылдык бий жоопкердин күнөөсүн далилдөөдө адамдардын күбөлүктөрүнө жана ант берүүгө көңүл бурган.Аялдар сейрек учурларда сотто күбө катары өтө алышкан, көпчүлүк учурларда жол берилген эмес.Эгер адамды денесине залал келтирип сабалган учурларда буйум тайым кийим кечелеринин тытылган, айрылган белгилери кошумча далил катары каралган. {1-с383} Майда уурулука күнөөсү аныкталса бир кой ордуна козу кошуп төлөтүлгөн. Бир жылкы уурулука, ээсине жылкы куйругуна тай кошуп берилген. Уурдалган малдын саны көбөйгөн сайын, айып салыгынын өлчөмү дагы өсө баштаган. Денеге жеңил жаракат келтирүүдө 5 тишке чейин жабыркатуу же болбосо үч манжасына чейин сындырууда бир тогуз салыгы салынган, бир колун сындыруу , бир бутун иштен чыгаруу, денесин көк-ала кылуу ж.б.түрлөрүнө үч тогуз айыбы төлөтүлгөн. Көпчүлүк мезгилдерде айылдык бийлер жеңил кылмыштарга бир тогуз жана үч тогуз айыбын колдонушкан.Мындан сырткары токол тогуз төрт түлүктүн түрлөрүнөн пикир келишпестик таарынычтарга салынган, майда тогуз кой козулар аралашкан салыгы зыяндын кичине көлөмдөрүнө жараша төлөтүлүп берилген. Айылдык бий сот отуруму жоопкер менен жабырлануучу ж.б. кызыкдар тараптарды элдештирүүнүн символу катары “Жип кесер” жөрөлгөсүн жазашкандан кийин иш жыйынтыкталган. Бий кылмышкердин күнөөсүн далилдеген, зыяндын көлөмүн аныктаган, айыптын өлчөмүн бекиткен. Бий соттук өндүрүштү ишке ашыргандыгы үчүн күнөөлүүдөн “Айып” салыгын алып жабырлануучуга төлөтүп берген, 1/3 айыптын “Бийлик” деп аталган салыгы бийдин кызматына кармалган.{15-с67-68} {5-с119-152}

Салттык укуктарга ылайык кылмыш деп эсептелбеген аракеттердин түрлөрү.1. Атасы балдарын сабаган учурларда. 2. Эркектер аялдарын сабаган учурларда. 3. Кожойундар кулдарын ур токмоко алганда. 4. Жетим балдардын бейбаштыгы. 5.Жапайы жаныбарларга аңчылык кылууда. 6.Жашы 15жашка жете элек балдардын бейбаштыгы. 7.Акыл эси соо эмес адамдар тиби. 8.Адамдардын мас абалында жазаган жеңил кылмыштары күнөөнү жеңилдетүүчү жагдайларга алып барган. Уруктагы жазалган кылмыштын формасы оор болуп эсептелгенде, кылмышкер айылды тажатып кайталап кылмыш кылганда айылдык бийлер ишти уруулук бийлердин карамагына өткөрүп беришкен. {3-с24}

**Кылмыштын оор формалары жана уруулук бийлердин ишмердүүлүктөрү.**

Уруулук бийлер азыркы түшүнүк менен айтканда экинчи инстанциядагы соттук система болуп эсептелинген. Уруулук бийлер соту салттык укуктардагы табияты боюнча жааматтык мүнөздөгү уюм катары кызмат аркалаган. Кылмыштын оор формалары адам өлтүрүү, каракчылык, ири өлчөмдөгү уурулук, барымта, алдамчылык, жалаа жабуу, жалган көргөзмө берүү, ала-жипти аттоо зынакорлук, манап бийлерди шылдыңдагандык, боюнча айылдык бийдин укуктары жетпеген учурларда уруунун бийлери “Топ” деп аталган жыйынга чогулушкан. Уруунун бийлерин топко чакыруу уруунун ага манаптарынын буйругу менен аксакалдардын кеңешинин катышуусунда өткөрүлгөн.Адат укугунда аксакалдардын орду наркты талдоочу институт катары кадырлуу орган эсептелинип, “Акылдуу карыя тунук аккан дарыя” өңдүү салттык сөздөр айтылып калган. Манап, бийлердин соттук жааматынын топту бузаар төрагасын шайлаттырып, ишти алып барууну өткөрүп берген. Уруулук бийлердин милдеттери коомдо орун алган кылмыштуу аракеттерди токтотуу, жабырлануучу тараптарга тиешелүү материалдык чыгымын өндүрүп

берүү, жааматта тынычылыкты камсыз кылуу эсептелинген. Уруулук бийлер кылмыштын формаларына жараша жагдайларын эске алуу менен соттук отурумду баштаган. Соттук отурум тараптарга тиешеси жок бейтарап айылдарда, айыл башчыларынын даярдап койгон орундуктарында өткөрүлгөн. Эгерде соттук иш чара кышында болсо чоң канат боз үйлөр даярдалган, жайында болсо жайлоодо боз үйгө же болбосо көк жайсаңдын үстүнө уюштурулган. Соттук өндүрүштөрдүн жалпы материалдык чыгымы кылмышка жоопкер тарапка жүктөлүп, конок акы төлөтүлүп, чыгымы жүктөлгөн. Бийдин буйругу менен жазалган кылмышка тиешеси бар тараптардын баардыгы чакыртылган, доогер тараптардын дагы кызыкдар адамдары катыштырылган, жазалган кылмыш аракеттери атайылап оор түрлөрүнүн сотуна бүтүндөй урук, айылдар катышуусуна бийлер уруксат берген. 1857жылы август айында Ысык-Көлдө иш сапары менен болгон географ Семенов Тянь-Шанский өзүнүн " Путешесвие Тянь-Шань в 1856-1857гг" аттуу экспедициясында кыргыз бийлер сотунун иш жүргүзүү тартибин өзү катышып күбө болгон. Соттук отурум урууда үчтөн кем эмес бийлерден катышаарын, манаптар ишти жетекчилике алаарын белгилеген. Адат укугу боюнча бийлердин арасынан акылдуусун "Суперорбитр" жетекчи тандап алышаарына токтолуп кыргыздардын соттук ишин баяндаган. Аталган сот Бугу ичиндеги дуулат жана желдеңдин бир уруктарынын ортосундагы талаштуу маселелерден болгон. Желдең уругунун Атбанов аттуу жигити дуулат уруусунун Байсерке аттуу ак-сөөк бай кишинин кызына куда түшүп, калыңын төлөп берген.Жыйынтыгында кызды жигит алып кетээринде Байсеркенин кызы Атбанов жигитин жактырбай койгон, кызынын талабын атасы дагы туура деп эсептеген. Калыңы төлөнүп калгандан кийин адат укугунда кыргыздарда кыз макулдугунан баш тартышы атасына кылмыш болуп эсептелген.Байсерке калыңды кайтарып берейин десе, Атбановдун уругу бул кылыгыңар шылдыңдооңорго чыдабайбыз, кун төлөйсүн адат укугун буздуң деген талап койушкан. Атбанчылар дуулаттарды адат укугун буздуңар деп айыптап урук аралык жаңжалдар келип чыккан. Эки уруунун манаптары Атбан жигити тараптан Тезек манап, дуулаттардан Али манап сүйлөшүп бийлердин сотун уюштурушкан. Бийлер соту чоң боз үйдө уюштурулуп, эки тараптан үч үчтөн алты бий катышкан. Бухара клеми салынып турганын сотко катышуучулар ар кимиси өзүлөрүнүн статусу боюнча орундук алышканын белгилейт Семенов. Боз үйдүн төрүндө Тезек жана Али манаптар полковник Перемышельский жана Семенов котормочу татар тилмеч менен, оң канатта эки уруктан алты бий орун алышат. Биринчи Атбанов тарабынын үч бийи дооматтарын айтышат калың алып күйөнү чанган бүтүндөй урукту шылдың кылды деген жүйө келтиришет. Ак-сөөк Байсерке айыпкер катары отурумга алынып келинип сурака алынат. Байскеркенин кызы 19 жаштагы акылдуу кыз болгон, атасы экөө тең күйөгө макул болушпаганын, калыңын кайтарып беришээрин белгилешет.Салт боюнча Байсерке кызын күйөбалага берүүгө бий Мамай сунуш кылат, аталган эрежеге кыздын агасы дуулат уругундагы кадырлуу Жайнак адат укугун мыкты талдап берген. Жайнак чынында салт эрежесин бузулганын мойундаган, бирок күйө бала биринчилерден бузгандыгын белгилейт, себеби кадырлуу ак-сөөктүн кызы токол болбогондугун адатка таяп тастыктап берген. Күйө бала Байсеркенин кызын токолдука сураганын, адат боюча туура келбестигин жүйө келтирген. Жыйынтыгында кыздын атасы калыңды ага кошумча орто тогуз айыбын төлөөгө милдеттендирилип, эки жаш үйлөнүүсү токтотулган бүтүм кабыл алынган.{13-с144-148-152}

Эгерде айыпкер ооруп келе албай калса анын ишенимдүү адамдары соттук отурумга катышууга укук алышкан.Ушундай эле ишенимдүү адамдарга ишти тапшыруу доогер тарапка дагы укук берилген. Ишенимдүү адамдар биринчиден ага-иниси, атасы, аталаш

туугандары эсептелген. Экинчиден ишенимдүү адамдар тобуна уруктагы туугандык каны бар кадырылуу жакындары ишке катыша алышкан, көбүнчө чечилбей аткан маселени ортого ишенимдүү кадырман аксакалдарды салып чечүүго ыкташкан. Г.Загряжскийдин күндөлүгүндө, кыргыздар дейт ишенимдүү адамдарга ишин тапшыруу процедурасы жазуу жүзүндө эмес, оозеки формада болгондугун, оозеки ишеним бийлер сотуна кабыл алынаарын белгилейт.{20-с193}Доогер тараптын ишенимдүү өкүлдөрү деп аталып, доонун өнүшүнө чейин көзөмөл жүргүзүшкөн. Соттук отурумга төрагалык кылып жаткан бий сөздү кезек кезеги менен өз тартибинде биринчи доогер тараптын келтирген жүйөлөрүн угушкан. Жазалган кылмышты күнөөкөрдүн жазаган иштерин мойнуна койууда далилдердин бир канча түрлөрүнө басым жазалган.**1.**Ант берүү, касам ичүү, күбөлөр тараптан кылмышты тастыктоочу ант, экинчиден күнөөкөр актануучу ант берген. **2.**Көргөн күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү эки эркек адамдан кем эмес. Күбөлүкө өтүүдө достук жана кастык мамиледе болгон адамдарга жол берилген эмес. **3.** Кылмыш болгон жерден айыпкердин буйум тайымдарынын табылышы. **4.**Айыпкердин кылмышты мойнуна алышы ж.б. {16-с30} Ант берүүчү айыпка шектүү адамды "Жан берүүчү", доогер тарапты "Жан алуучу" деп аташкан. Ант берүү бир канча түргө бөлүнгөн. 1. Ант берүүчү жапайы бак өсүмдүгү долонону кармап ата бабасынын арбактарын ортого койуп ант берген. 2.Ант берүүчү өзүнүн ата бабаларынын күмбөзүн жети жолу айланып, жалган айтсам ант урсун, арбак урсун, деген сөздөрдү айтышкан. Көчмөн коомчулугунда арбак жана анын күмбөздөрүн ыйык деп санашып, «Арбактар ыраазы болмойунча, тирүүлөрдүн иши жүрүшпөйт», «Адам калп айтса, арбак урат», деген түшүнүктөр кенири жыйылып, принцип катары аткарышкан. Ант берүү эрежеси Абрамзондун кыргыз тарыхы боюнча тандалма эмгектеринде" кыргыздар XIX-к ант берүү ата бабалардын күмбөзүн күбө тартуу менен жүргүзүлгөнүнө токтолгон. {1-с383} Абрамзон кыргыздарды күмбөздү жана бабалардын арбактарын ыйык тутушканына, кимдир бирөө мүрзөнү шылдыңдаса өлүм жазасына тартылаарын, мүрзөгө шек келтирүү коомго жаратылыш кырсыктарын алып келет деген ишенимде болушканын белгилеген. Ошондуктан мүрзөнүн алдында арбактарды күбөлүкө алып ант бергенде чындыкты айтып беришет деген ишенимде болушкан.{1-с305}

3.Күнөөкөрдү тузга заара ушаттырышкан. 5. Өлгөн адамдын кепинин кийгизишкен, өлгөн адамдын кепинин кийгизүү көчмөндөрдөгү абдан оор ант берүү эсептелинген. Күбөлөр ошол окуяны көрүшкөн адам катары кылмышкердин ишин мойнуна койуу ырастоо тастыктоочу ант беришкен. Экинчи тарап кылмышка шектүү актануу антын аткарган. Күбөлук берүү ишинде социалдык жогорку катмардын өкүлдөрү ант беришпей жөн гана көрсөтмө берүү менен чектелишкен. {17-с230}

Ант беруу процедурасынан бошотулган урук мучөлөру акылынан айныгандар, 15-жашка жашы жете элек өспүрүм курактагы балдар, аялдар ант берген эмес, аялдар үчүн күйөлөрү, эркек бир тууганддары ант беришкен. Ант берүүдо көчмөн коомундагы, жалган касам ичүү, ант берүү айыпкерге эле эмес жалпы урууга залакасын тийгизет деп эсептешип, ант берүүчүнүн жалпы айылдын эли жазаганын чын болсо мойнуна ал кунду жана айыпты жалпы төлөйлү деп көндүрүшкөн. Эгерде айыпка шектүү жалган ант ичсе залакасы жалпыга тиет, урууда жугчулук болот, мал кырылат, кудай оңдурбайт, ишибиз жүрбөй калат деп элде коркунучтар болгон. Ошондуктан элде «Бирдин кылыгы миңге тиет», «Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт», деген накыл сөздөр кенен жайылган. Ант берүү иш чараларынын табияты ислам динин терең жайылышы менен XIX- кылымдын аягында өзгөрүүлөр байкалган, куран кармап ант берүүгө өтө баштакан. {9-с190-221} Кылмышка

күбө катары көргөзмө берүү Абай Кунанбаевдин пикиринде жалган көргөзмө берүү көчмөндөрдө кылмышкерден дагы оор кесепет болуп эсептелинип, жазасы оор болгондугуна токтолгон. Жалган көрсөтмө берүү аймак Россия империясынын курамына кошулушу менен болуштуктардын башчыларын шайлоодо күчөгөнүн белгилеген. Үч жолу эл арасында жалган көргөзмө берген адамдын көргөзмө берүү укугунан ажыратылган. {2-с321}

Адат укугунда күнөөсү аныкталган кылмышкерлерге төмөндөгүдөй жаза чегерилгнен.Жазалоо ыкмалары боюнча Загряжскийдин күндөлүгүндө көчмөн коомчулугунда жазалоо чаралары дүйнөдөгү башка элдердин каласcикалык методдорунан айырмаланып турган. Жаза тутуму салттык укуктарга ылайык коомдо жазалган кылмыштын оордугуна жана жеңилдигине жараша жүргүзүлгөн. Саллтык укуктагы жазалоо ыкмалары бир канча түрго бөлунгөн.1.Өлүм жазасы. 2.Уруп, сабап майып кылуу ыкмасы. 3.Уруудан бөлуп кубалап жиберүү. 4.Кулчулука чегерүү.5.Айыпкердин жабырлануучуга бир канча жылга кызмат кылууга берилиши. 6.Уяткаруу. 7.Өлтүргөн адамдын кыз балдарын, жабырлануучу тарапка берилиши. 8.Кун төлөө. 9.Айып төлөө. 10.Кылмышкердин мулкүн конфисскация кылуу. ж.**б.** {2--с21-24}

**Адабияттар:**


1.Абрамзон С.М. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер – Б, – 2013. – 305 б.

2.Абай.Кунанбаев Полн. собр. соч. Алматы 1945г. – С.321. Козлов. Обычное право киргизов. Памятная книжка Западной Сибири, – Омск. – 1882г. – С.127.

3. Балюзек. Народеые обычаии, имевшие отчасти и ныне имеюшие в малой киргизской орде силу закона.Оренбург. – 1871г. – С.105. 4.Валиханов.Ч.Литература 1.Валиханов Ч.Ч. Записка судебной реформе. Т. – Алма-Ата, – 1984г.

5. Отчет по ревизии Туркестанского края по высоч. Повелению сенатором К.К.Паленом. СП б. – 1910г. – С.119-152.

6. Леонтьев. А.Обычное право киргиз. Юридический вестник, – №5, – 1890. – С. 90.

7. Маковецский.П. Материалы для изучения юридических обычаев киригизов. – Омск, – 1886г. – С. 279.

8. Мейер киргизская степь Оренбургского ведомства. – СПб. – 1865г. – С. 230.

9. Жамгырчинов Б.Д. очерки политической истории киргизии XIX-века – Ф. – 1966г. – С.221.

10. Емельянов Н. Материалы для статистики Туркестанского края.Туркестанские ведомости, – №11, – 1886. – С.41.

12. Словокатов.А. Народный суд обычного права киргиз малой орды – Оренбург. – 1905г. – С .39.

13. Семененов-Тяньшанский П.П.”Путешействия Тянь-Шань в 1856-1857гг годах” Мемуары. Т.2. – М. – 1946г. – С.144-148-152.

14. Сооданбеков Общественный и государственный строй Кокондского ханнства.</1999.

15. Токтакун кызы Гүлнура Кыргыздардагы сот системасынын тарыхы – Ош. – 2021. – 67 б.

16. Кожоналиев.К. обычное право кыргызов – Б. – 2001г. – С.30.

17. Максимов Н. народный суд у киргизов.Журнал юридического об-во. – 1897. – С. 63-64.

18. Мейер киргизская степь Оренбургского ведомства. СПб. – 1865г. – С.230.

19. Зуев.А. Киргизский народный суд. №12. 1912. 4. Материалы по обычному праву казахов – Алматы, – 1998г. – С.117.

20. Загряжский.Г.С.Т.Юридический обычай киргиз. Материалы для статистики Т. – 1876г. – С.180-24.
21. Абылов.А. И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы – 2015ж. – 218 б.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент  Омурова Ж.**